ЭМГЕК КЕЛИШИМИ өндүрүштөн чакырылган адистер үчүн (КР)

_______________________ "_____"______20____ж
(эмгек келишим түзүлгөн жер)

1.Жумуш берүүчү: И.Раззаков атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин ректорунун атынан
____

жана чакырылган адис____
(ректордун аты-жөнү)

Жарандуулугу____
Паспорту____
Серия, №

төмөнкү эмгек келишимин түзүштү:

2. Чакырылган адис ____
(аты-жөнү)

____
(окумуштуулук даражасы, наамы)

____ жумушка кабыл алынат
(түзүмдүк бөлүктүн аталышы)

____ кызмат ордуна.
(кызматтын, адистиктин аталышы)

3. Эмгек келишимдин түрү (керектүүсүнүн алды сызылсын):
- белгилүү мөөнөткө ☐
- белгиленген ишти аткаруу мезгилине ☐
- он-лайн ☐/ офф-лайн ☐

4. Эмгек келишимдин мөөнөтү:
- жумушка кирген убактысы____
- жумуш аяктаган убактысы____

Чет өлкөдөн чакырылган адистин иш убактысы/сааты (расписание,окуу жүктөмү/иш планы түрүндө)ушул келишимге тиркеме менен көрсөтүлөт.

5. Тараптардын милдеттери:

5.1. И.Раззаков атындагы КМТУ төмөнкү милдеттерди өзүнө алат:

5.1.1.Санитардык-гигиеналык ченемдерге, коопсуздук техникасынын эрежелерине жооп берген эмгек шарттары камсыз кылынат жана ошондой эле кесиптик ишти жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон жабдууларды берет.

5.1.2. Чакырылган адиске эмгек акы 2026-жылдын 2-июнунда № 1/130 буйругу менен бекитилген "И.Раззаков атындагы КМТУнун кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" Жобого ылайык эмгек акы белгиленип (кызматтык маяна түрүндө же тарифтик бирдик өлчөмүндө) же "И.Раззаков атындагы КМТУнун илимий-окуу процессине чакырылган адис жөнүндө Жобого" ылайык айына бир жолу эсептик банкына которуу менен төлөнөт. Чакырылган адис өз каалоосу боюнча акысыз негизде кызмат көрсөтө алат.

5.1.3. Чакырылган адис кабыл алынып жаткан милдеттенмелердин мүмкүн болуучу укуктук жана башка кесепеттери, ошондой эле аткаруунун мүмкүн эместиги жөнүндө абал боюнча өз убагында маалымдалат.

5.2. Чакырылган адис төмөнкү милдеттенмелерди алат:

5.2.1. Эмгек келишимине кол коюлган учурдан тартып ишке киришип, КМТУнун кызматтык нускамасына жана Уставына ылайык кызматтык милдеттерин сапаттуу, өз убагында аткарууга.

5.2.2. Коопсуздук техникасын, ички тартип эрежелерин жана эмгек мыйзамдарын сактоого, жашоонун коопсуз жана сергек шарттарын камсыз кылууга.

5.2.3. КМТУнун кызматкерлеринин академиялык ак ниеттүүлүк кодексинин жана кызматтык Этика кодексинин ченемдерин так сактоого.
5.2.4. Кызматтык маалыматтын купуялуулугун сактоого;
5.2.5.КМТУга чет өлкөдөн чакырылган адис Кыргыз Республикасынын аймагында болуу эрежелерин, салттарын сактоого,урматтоого, КР укуктук-ченемдик актыларынын талаптарын, “КР тышкы миграция жөнүндө” Мыйзамын, “КР аймагында чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды каттоо жөнүндө”, “КР аймагында чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдардын эмгек ишмердигин жүргүзүү тартиби жөнүндө Жобону”, Кмтунун Уствын аткарууга милдеттүү.
6. Бул келишимдин шарттары КМТУнун ректорунун буйругу менен эки тараптын макулдашуусу боюнча өзгөртүлүшү мүмкүн.
7. Бул келишимдин колдонулушу КР Эмгек кодексинин 40,41,42,43,44,49,190-беренелеринде каралган ченемдерге ылайык токтотулат.
8.Бул эмгек келишими КМТУнун ректорунун буйругу менен тараптардын макулдашуусу боюнча жаңы мөөнөткө узартылышы же кайра түзүлүшү мүмкүн.
9. Жалдоочу менен кызматкердин ортосундагы талаш-тартыштар КР ЭК беренелерине жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын башка ченемдерине ылайык чечилет.
10. Ушул Келишим бирдей юридикалык күчкө ээ болгон эки нускада түзүлүп, алардын бири кызматкерге, экинчиси жалдоочуга берилет.

Мен, ____"Кыргыз Республикасынын
(аты-жөнү)
санариптештирүү Кодексине” ылайык өзүм жөнүндө жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулмун.

Мен, ____өз каалоом боюнча акысыз негизде кызмат
(Аты-жөнү)
көрсөтүүгө макулмун.

Жумуш берүүчү(жалдоочу): **Кызматкер:**

______________________________ ______________________________
(ыйгарым укуктуу адамдын кол тамгасы) (кол тамгасы)

М.О.

Эки жактын даректери:

И.Раззаков атындагы
Кыргыз мамлекеттик техникалык
университети.
720044 Ч.Айтматов проспектиси №66
Бишкек шаары

____
____
____
ИНН___________________________

Проректор ______________________________

Институттун директору/ ______________________________

Түзүмдүк бөлүктүн жетекчиси______________________________

Адам ресурстар башкармалыгы ______________________________